**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**Д 13.15.522 диссертациялык кеңеши**

**Кол жазма укугунда**
УДК.372.862(575.2)(043.3)

**ӨМҮРЗАКОВА ЧОЛПОН ШАЙЛООБЕКОВНА**

# МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫН СОЦИАЛДЫК-КОММУНИКАТИВДҮҮ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ
**(7-класстын «Информатика» предметинин мисалында)**

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2017**

**Диссертациялык иш К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин инженердик педагогика, колдонмо информатика жана маалыматтар системасы кафедраларында аткарылды**

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | педагогика илимдеринин доктору, профессор<br>**Калдыбаев Салидин Кадыркулович** |
| **Расмий оппоненттер:** | педагогика илимдеринин доктору, доцент<br>**Наркозиев Аманбек Карашевич**<br><br>педагогика илимдеринин кандидаты, доцент<br>**Карагулов Дайырбек** |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы, маалыматтар технологиясы жана программалоо кафедралары (дареги: 720033, Бишкек шаары, Манас көчөсү, 66). |

Диссертациялык иш 2017-жылдын 26-майында саат 13:00 до И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 13.15.522 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.

Дареги: 720026, Бишкек шаары, И. Раззаков көчөсү, 51.

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот (www.arabaev.kg).

Автореферат 2017 жылдын 26-апрелинде таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, педагогика илимдеринин доктору, профессор** **Калдыбаева А.Т.**

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** 2014-жылы кабыл алынган жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартында мектептин ишмердүүлүгү инсанга багытталышы жана окутуунун жаңы мамилеси калыптанууга тийиш экендиги белгиленген. Стандартта окуучулардын индивидуалдык жөндөмдүүлүктөрүн, кызыгууларын, муктаждыктарын, мектептин материалдык базасын, жергиликтүү социалдык шарттарды, улуттук каада-салттарды, эмгек рыногунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен автордук окутуу процессин уюштуруу зарылдыгы баса белгиленген. Окуучунун үч түйүндүү компетенттүүлүгүнүн калыптануусу, алардын чыңбилим алуусунун өбөлгөсү катары көрсөтүлгөн. Алардын ичинен негизгиси социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүк, ал калган компетенттүүлүктөрдү калыптандырууда таяныч болуп эсептелет. Ошол себептүү, окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүн калыптандыруу проблемасы өзгөчө актуалдуулукка ээ.

Окуучунун социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүн калыптандыруу – бул жеке адамдардын ортосундагы коммуникацияны, баарлашууну эле уюштуруу эмес, инсандын чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн, креативдүү ой жүгүртүүсүн камсыз кылуу болуп саналат. Азыркы, учурдагы ааламдашуунун алкагында адамдын компьютердик технологияны колдонуу менен, тиешелүү коммуникативдүү маселелерди чече билүүсү алдыңкы планга чыгып олтурат. Бул компетенттүүлүктөрдү калыптандырууда «Информатика» предметинин ролу жогору экендиги талашсыз.

**Проблеманын изилдениш абалы**. Билим берүү системасында коммуникативдүү билгичтиктерди жана жөндөмдүүлүктөрдү калыптандыруу процессинин механизмдерин изилдөөгө Г.М. Андрееванын, А.А. Бодалевдин, И.А. Зимнянын, Л.А. Петровскаянын эмгектери арналган. Мында коммуникация процесси иликтөөгө алынып, ал информациялык, интерактивдик жана перцептивдик компоненттерден турары, билим берүүнүн эффективдүүлүгүн арттыруучу шарт катары эсептелери далилденген. Коммуникативдүү компетенттүүлүктү мектептик окуу предметтери аркылуу калыптандыруу маселелерин иликтөөдө Е.М. Алифанова, Р.Р. Галиакбирова, А.К. Дроздова, В.Г. Кочеткова, И.И. Семенова, И.М. Шаркаева тиешелүү салым кошушкан.

Кыргызстанда бул проблеманын тегерегинде Д.Ж. Арыпбекова, С. Джолдошбекова, Т.А. Джороев, Т.А. Маковка изилдөө жүргүзүшкөн. С. Джолдошбекова кыргыз үй-бүлөлөрүндө жаш балдардын баарлашуусу жана аларды калыптандыруудагы ата-эненин ролу тууралуу изилдөө жүргүзсө, Т.А.Джороев кептик, тилдик компетенттүүлүктү калыптандыруунун жолдорун изилдеген. Д.Ж. Арыпбекова окутуу кыргыз тилинде

жүргүзүлгөн окуу жайында студенттердин орус тилиндеги баарлашууну калыптандыруу маселесине токтолгон. Т.А. Маковка педагогикалык колледжде коммуникативдүү компетентүүлүктү калыптандыруунун педагогикалык шарттарын жана методикасын иштеп чыккан.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүн маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу калыптандыруу маселесине арналган изилдөөлөр дээрлик жокко эсе.

Жогоруда айтылгандардын негизинде биз төмөнкүдөй карама-каршылыктардын бар экендигин аныктадык:

− азыркы мектеп окуучуларынын даярдыктарына жаңыча талаптар коюлду, бирок ошол эле учурда, мектептик билим берүү системасында бул маселеге тиешелүү көңүл бурулбагандыгы;

– мектеп окуучуларынын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу милдети коюлганы менен аларды маалыматтык технологиянын жардамы менен калыптандыруунун илимий методикалык камсыздоолорунун иштелип чыкпагандыгы.

Ушул жагдайда диссертациялык изилдөөнүн проблемасы окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда маалыматтык технологияларды колдонуу процесси кандай илимий негиздерге таянат ? – деп формулировкаланды.

Биздин **«Маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу (7-класстын «Информатика» предметинин мисалында)»** аттуу теманы тандап алуубузга, жогорудагы аталган карама-каршылыктарды жоюу зарылдыгы, проблеманын изилдениш абалы негиз болду.

**Изилдөөнүн максаты**: окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн маалыматтык технологиялар аркылуу калыптандыруунун илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу.

Изилдөөдө төмөнкүдөй **милдеттер** коюлду:

1. Окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун өбөлгөлөрүн аныктап чыгуу.

2. «Социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүк» түшүнүгүнүн маанисин жана билим берүү системасындагы ордун аныктоо.

3. Маалыматтык технологиялардын жардамы менен окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын жана методикалык системасын түзүү.

4. Иштелип чыккан методикалык системанын эффективдүүлүгүн эксперименталдык жол менен текшерүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** төмөнкүлөр менен аныкталат:

– социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктүн мазмуну, структурасы, критерийлери, деңгээлдери такталды;

– изилдөөдө социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктүн билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк, тарбиялоочулук, мотивациялык, рефлексиялык жана көзөмөлдөөчүлүк функциялары негизделди;

– негизги мектептин окуучуларынын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык (ресурстук, методикалык, уюштуруучулук) шарттары жана методикалык системасы иштелип чыкты;

– изилдөөнүн натыйжалуулугу практикалык экспериментте текшерилип, тийиштүү илимий-методикалык сунуштар берилди.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү**. Изилдөөдө окуучунун социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүн калыптандыруунун методикасы иштелип чыкты, ал мектеп мугалимдерине практикалык жардам бере алат. Информатика предметинин бөлүмдөрү боюнча иштелип чыккан критерийлер, коммуникативдүү тапшырмалар жана аларды аткаруунун жолдору мугалимдерге методикалык жардам көрсөтө алат.

**Коргоого коюлуучу жоболор:**

1. Кыргыз Республикасында окуучулардын социалдык коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга төмөнкү жагдайлар өбөлгө түзүшкөн: жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартындагы мектеп окуучуларынын даярдыктарына коюлган талаптар; дүйнөлүк ааламдашуунун билим берүү системасына тийгизген таасирлери; республикабыздын билим берүү системасында калыптанган көйгөйлөрдү жоюу зарылдыгы; коомду жана билим берүүнү маалыматташтыруунун адистин жөндөмдүүлүгүнө тийгизген таасири.

2. Окуучунун социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселесинин актуалдуулугу индустриалдык коомдон маалыматтык коомго өтүү, коомду жана билим берүүнү маалыматташтыруу зарылдыгы менен, субъект-субъекттин баарлашуусу менен катар субъект-компьютер жана субъект-компьютер-субъект баарлашуусунун пайда болушу менен мүнөздөлөт.

3. Окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда ресурстук, методикалык, уюштуруучулук сыяктуу педагогикалык шарттардын түзүлүшү максатка ылайык келет. Маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу окуучунун социалдык-коммуникативдүү компетентенттүүлүгүн калыптандыруунун методикалык системасы төмөнкүдөй компоненттерди камтыйт: окутуунун максаты окуучунун аткара турган аракеттери аркылуу коюлат; ар бир бөлүм боюнча окутуунун мазмуну социалдык-коммуникативдүү компетентттүүлүктүн элементтерин камтуу менен түзүлөт; окутуунун каражаттарын тандоодо маалыматтык технологиялардын каражаттары

кеңири пайдаланылат; окутуунун методдору коммуникацияга багытталган активдүү жана интерактивдүү методдорду камтыйт; компетенттүүлүктүн калыптанышынын деңгээлин аныктоо үчүн баалоонун аутентивдүү формалары жана диагносттук, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу түрлөрү колдонулат.

4. Коюлган максат, милдеттердин, колдонулган педагогикалык шарттардын жана методикалык системанын натыйжалуу экендигин педагогикалык экпериментин натыйжалары тастыктайт.

**Изилдөөнүн жыйынтыгын апробациялоо.** Илимий иштин негизги материалдары илимий-методикалык конференцияларда, кафедранын жыйынында мезгил-мезгили менен талкууланып турду. Изилдөөнүн мазмунуна байланыштуу 22 илимий макала жарык көргөн, анын ичинен үч макала эл аралык (Россия, Чехия) басмадан чыгарылган.

**Диссертациянын структурасы.** Диссертация киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан, адабияттардын тизмегинен жана тиркемелерден турат. Диссертациянын жалпы көлөмү – 181 бет компьютердик тексттен турат, 190 аталыштагы адабияттарды өзүнө камтыйт.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Изилдөөбүздүн биринчи главасы **«Негизги мектепте окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун теориялык маселелери»** деп аталып, мында окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга түрткү берген өбөлгөлөрдү аныктоо, «Социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүк» түшүнүгүн чечмелөө жана анын мектептик билим берүү системасындагы ордун аныктоо маселелери каралып, социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктү калыптандыруунун жолдору тууралуу адабияттарга талдоо жүргүзүлдү. Бул глава изилдөөбүздүн *биринчи* жана *экинчи милдеттерин* чечүүгө арналды.

Окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу талабы көптөгөн жоболорго таянган, ар кандай абалдарды, багыттарды тыкыр иликтеген талкуулардын негизинде кабыл алынган документтерде орун алган маселе болуп эсептелет. Алардын ичинен маанилүүсү катары «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамды, 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү Концепциясын, 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясын, мамлекеттик билим берүү стандартын белгилесек болот. Мектептик билим берүү системасында социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктү калыптандырууда ар кандай проблемалык кырдаалды түзгөн факторлордун, аргументтердин өбөлгөлөрүн аныктоо зарылдыгы келип чыкты. Теориялык изилдөөлөрдү жана мектептик билим берүүнүн практикалык абалын иликтөөнүн

натыйжасында социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктү калыптандыруу маселесинин келип чыгышына өбөлгөлөрдү түзгөн жагдайлар катары төмөнкүлөр эсептелди.

1. Жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартында окуучулардын даярдыктарына жаңыча талаптар коюлууда. Стандартта негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандырууда окуучулардын кызыгууларын, муктаждыктарын эске алуу менен маек кура билүүнү, маңыздуу компромисстерди издеп жана табуунун зарылдыгы баса белгиленген.

2. Билим берүү системасынын өнүгүшүнө дүйнөлүк ааламдашуу зор таасирин тийгизет. Окутууга компетенттүүлүк мамиле кылуу менен катар, маалыматтык технологияларды пайдалануу аркылуу окуучулардын өз ара баарлашуусун камсыз кылуу проблемалары пайда болду.

3. Республикабыздын билим берүү системасында калыптанып калган көйгөйлөрдү (окутуунун академиялык багытка ориентир алышы, окуучулардын компьютердик технологияны тиешелүү деңгээлинде колдоно албоосу, Интернеттин тартыштыгы, квалификациялуу мугалимдердин жетишсиздиги ж.б.) жоюу маселеси дагы социалдык коммуникативдүү компетенттүүлүктү калыптандыруу зарылдыгын көрсөттү.

4. Коомду жана билим берүүнү маалыматташтыруу адистин жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизет. Азыркы күндө маалыматтык каражаттарды колдонуу аркылуу өз ишмердүүлүгүн аткаруу; телекоммуникациялык каражаттардын жардамы менен ар кандай профессионалдык милдеттерди чече билүү адамдын зарыл билгичтиктери болуп эсептелет.

Диссертациялык изилдөөбүздө “социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүк” деген түшүнүктүн маани-маңызы иликтөөгө алынды. Бул түшүнүк “баарлашуу”, “коммуникация”, “коммуникативдүүлүк”, “компетенция” жана “компетенттүүлүк” түшүнүктөрү менен тыгыз байланышкан жана ушул түшүнүктөрдүн айкалышынан келип чыккан.

«Коммуникация» жана «байланыш» терминдери бири-бири менен маанилешпи деген суроонун туулушу табигий көрүнүш. Баарлашуунун максаты – бир аң-сезимдеги элес, түшүнүктөрдү башка аң-сезимге көчүрүү, мында элестерди берүүнүн каражаты болуп кеп кызмат кылат. Анын натыйжасында адамдардын өз ара жеке мамилеси (А.А. Бодалев, Н.Д. Никандров, И.П. Яковлев) түзүлөт, адамдын ички дүйнөсү ачылат.

Адабияттарда, энциклопедиялык сөздүктөрдө «коммуникация» термини – кабар берүү, билдирүү жолу, маалымат алмашуу деп берилет. Мындай пикирди орус изилдөөчүлөрү И.Н. Горелов, В.Р. Житников, Л.А. Шкатовалар жактап келишет жана коммуникация – жөн гана маалымат алмашуу болсо, кеңири мааниде «социалдык коммуникация» коом ичинде маалымат алмашуу, ал эми баарлашуу коомдогу оозеки байланышты камсыз кылат деген ойду айтышкан.

Мектеп окуучулары үчүн окуу процессинде коммуникацияны уюштуруу көбүнчө кеп ишмердүүлүгү аркылуу ишке ашат. Мугалим окуучулардын оозеки кеп маданиятын калыптандыруу, өз көз караштарын айтуу билгичтиктерин, жуптарда иштөө, мимика жана жест аркылуу өзүнүн ички сезимин билдирүү билгичтиктерин калыптандыруу аракетинде болуп, окуучулардын оозеки кептерин жана сөздүк байлыктарын, анализдөө жана рефлексиясын өнүктүрүү максатында окуучуларды тиешелүү кырдаалдарга катыштырат.

«Коммуникативдүү компетенттүүлүк» түшүнүгү боюнча тиешелүү адабияттарды талдоонун жыйынтыгында биз окумуштуулардын төмөнкүдөй көз караштары бар экендигин байкадык. Коммуникативдүү компетенттүүлүк бул, инсандардын баарлашуу мейкиндиги, алардын коммуникативдик багыттагы билгичтигин шарттаган татаал, көп кырдуу түзүлүш (В.Г. Кочеткова); баарлашуучунун жекече өзгөчөлүгүн эске алуу менен кеп аракеттерин пландаштыра билүү (А.Т. Ибраева); адамдар жана окуялар менен өз ара аракеттенүү ыкмаларын билүү, топто иштей алуу көндүмү, коллективде ар кандай социалдык ролго ээ болуу билгичтиги (А.В. Хуторской); адамдын байланыш түзүүгө дайыма даяр болуусу (А.Б. Добрович, А.Н. Занковский). Мындан тышкары, коммуникативдүү компетенттүүлүктү калыптандырууга карата өз сунуштарын берген орус окумуштуулары Т.О. Губарева, Ю.Н. Емельянов, Ю.М. Жуков, С.Ю. Курилова, А.И. Павловалардын эмгектерин атоого болот.

Методикалык адабияттарда жана Интернет булактарында коммуникативдүү компетенттүүлүктү калыптандырууга карата мектеп мугалимдеринин тажрыйбалары чагылдырылган. Мисалы, методист И.М. Шаркаева коммуникативдүү компетенттүүлүккө ээ болгон, ар тараптан өнүккөн окуучуну тарбиялап чыгууну өз максаты деп эсептейт. В.С. Жиркова информатика предметин окутууда төмөнкүдөй ыкмаларды жана каражаттарды сунуштайт: диспут; дискуссия; телеконференция; жупта иштөө; мээ чабуул; бири-биринин ишмердүүлүгүн баалоо. Демек, коммуникативдүү болушу үчүн адам коммуникативдүү билгичтиктерге, коммуникативдүү компетенцияга ээ болушу керек.

XX кылымдын 90-жылдарында педагогика жана психология илимдеринде изилдөөчүлөр “социалдык компетенттүүлүк” түшүнүгүнүн мазмунун жана ички структурасын, функцияларын аныктоого аракет кыла башташкан. Е.В. Коблянская социалдык компетенттүүлүктү социалдык багытты тандап алуу жана өз ишмердүүлүгүн ушул өңүттө уюштура алуу билгичтиги деп аныктаган. Н.В. Калинина социалдык компетенттүүлүктү адамдын коом жөнүндө, өзү жөнүндө билимдерин, коомдогу жүрүм-турум билгичтиктерин жана көндүмдөрүн, системага бириктирүүчү интегративдүү инсандык түзүлүш катары белгилеген. Демек, социалдык компетенттүүлүк, бул, коомдо кабыл алынган жүрүм турумдун

стандарттарын, нормаларын билүү, жаңы нормаларды, стандарттарды өздөштүрүүгө даяр болуу, кырдаалдарды талдоодо башкалардын көз карашын таануу, башкалардын ордуна өзүн кое билүү, кандайдыр бир абалды же жорукту коммуникациялык өнөктөштүн кабыл алуусунан баалай билүү.

Коммуникация, коммуникативдүү билгичтик, коммуникативдүү компетенттүүлүк, социалдык компетенттүүлүк түшүнүктөрүн талдоонун негизинде социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктүн маңызын чечмелөөгө мүмкүндүк түзүлдү. Социалдык коммуникативдүү компетенттүүлүк бул, өз умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун таламдары менен айкалыштырууга даярдык, позициялардын ар түрдүүлүгүн таануунун жана башка адамдардын (диний, этностук, кесиптик, инсандык) баалуулуктарына урмат сый менен мамиле кылуунун негизинде өз көз карашын цивилизациялуу коргоо. Дал ушул компетенттүүлүк окуучулардын өз ара мамилелерин билүүгө, топто иштөө көндүмдөрүн калыптандырууга, ар кандай социалдык ролдорду аткаруунун жолдорун үйрөнүүгө мүмкүндүк берет. Мында адамдын ар кандай социалдык ролдорду аткаруусу, социалдык кырдаалдарда жана топтордо адаптацияlануусу, вербалдык жана вербалдык эмес каражаттарды эркин колдоно алуусу, адамдар менен баарлашуу учурунда «инсандар аралык мейкиндикти» түзө алуу жөндөмдүүлүгү алдыңкы планга чыгып олтурат. Ошол себептүү социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктү калыптандыруу маселеси жалпы эле билим берүүнүн мазмунуна, окутуу процессине, мугалимдин ишмердүүлүгүнө олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизүүнү шарттайт.

Изилдөөдө социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктүн функциялары негизделди. Алар: билим берүүчүлүк (баарлашуу, диалог уюштуруу аркылуу окуучунун социалдык-коммуникативдүү билгичтиктери жана көндүмдөрү калыптанат); өнүктүрүүчүлүк (окуучунун инсан катары өз алдынча ишмердүүлүктү уюштуруу жөндөмдүүлүктөрү калыптанат); тарбиялоочулук (нравалык нормалары, баалуулуктары жана идеалдар тууралуу билимдери калыптанат); мотивациялык (окуучулардын өз ара позитивдүү баарлашуусу окуу предметин өздөштүрүүдө оң мотивацияны калыптандырат); рефлексиялык (социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктү калыптандырууда окуучу өзүнүн ар бир аракетине рефлексия кылып турууусу маанилүү, бул аркылуу ал өзүнүн аракетин баалап, коррекциялап турат); көзөмөлдөөчүлүк (социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктү калыптандыруу мугалим тарабынан көзөмөлдөнүүчү процесс, анын натыйжасында процесстин туура жолдо баратканы текшерилип турат).

Мугалимдер көбүнчө окуучулардын коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу багытында иш алып барышат. Ал эми

социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктү калыптандыруу маселеси теориялык жактан дагы, практикалык жактан дагы иликтенген эмес. Бул боюнча натыйжалуу изилдөөлөрдүн жүргүзүлүшү, практикалык сунуштардын иштелип чыгышы, окутуу процессинде ийгиликтүү практикаланышы келечектин иши деп айтууга болот.

«**Маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери**» аттуу экинчи главада социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктү калыптандырууда маалыматтык технологиялардын ролу, социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктү калыптандыруунун илимий негиздери аныкталып аларды калыптандыруунун педагогикалык шарттарын жана методикалык системасын иштеп чыгуу маселелери каралган. Бул глава изилдөөдө коюлган *үчүнчү милдетти* чечүүгө арналган.

Окуучунун социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүн калыптандырууда маалыматтык технологиянын ролу өзгөчө. Анын пайда болушу менен адамдардын ортосундагы коммуникациялык актынын эффективдүүлүгү жогорулай баштаган. Тексттик, графикалык, үндүк, видео маалыматтык жана анимациялык иштелмелер баарлашуунун сапатын арттыра алган. Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүктү калыптандырууда локалдык түйүндүн, мультимедиа жана Интернет технологияларынын мүмкүнчүлүктөрү тууралуу диссертацияда кеңири иликтөө жүргүзүлгөн. Аны калыптандырууда терминал, однаклассники, электрондук почта ж.б. ролу жогору экендиги талаш туудурбайт.

Изилдөөлөрдү талдоонун жана практикалык ишмердүүлүктү жалпылоонун натыйжасында, окуучунун социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүн маалыматтык технологиялардын жардамы менен калыптандырууда төмөнкүдөй педагогикалык шарттар зарыл деп эсептелди (1-сүрөт).

***Ресурстук шарттар***. Аталган компетенттүүлүктү калыптандыруу үчүн республикабыздын мектептери заманбап *маалыматтык технологиялар* менен камсыз болушу зарыл. Бул учурда мугалим компьютердик класстагы локалдык жана глобалдык байланыштардын иштешин камсыз кылып, алардын негизинде компьютердик мүмкүнчүлүктөрдү окуучулардын баарлашуусун уюштуруу үчүн, башка социалдык тармактар менен коммуникация түзүү максатында пайдалана алат.

*Интернет ресурстары*. Интернет ресурстары адамзаттын бири-бири менен болгон байланыштарын, баарлашуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейте алды, коммуникациянын (электрондук почта, форум, конференция, мобилдүү түзүлүштөр, Wi-Fi мүмкүнчүлүктөрү ж.б.) “адам-компьютер-адам” аттуу жаңы тибинин пайда болушуна алып келди.

*Билим берүүгө ылайыкталган Web-сайттар.* Окутуу процессинде окуучулардын баарлашуусун уюштурууга карата билим берүү сайттарынын даректери дайын болуусу керек. Булар окуучуларга керектүү маалыматтарды издөөгө, сунуш кылынган иштерди өз убагында аткарууга тиешелүү маалыматтарды колдонууга көмөк көрсөтөт.

*Аппараттык жана программалык каражаттар.* Компьютердик класстарда колонкалар жана микрофондор, web-камера, сканердик аппараттардын болушу зарыл шарт болуп эсептелет. Skype, Chat, ICQ программалары, Moodle окуу платформасы (мугалим менен окуучунун, окуучунун өз теңдүүлөрү менен, дискуссиялык форум уюштуруусу, ж.б.) баарлашууну жогорку деңгээлде уюштурууга мүмкүндүк берет.




***1- сүрөт. Окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары.***

***Методикалык шарттар.*** Бул шарттар окуучунун компетенттүүлүгүн калыптандырууда эмнелер жана кантип колдонулушу керек жана ага карата мугалим кандай аракеттерди аткаруусу зарыл экенин белгилейт.

*Коммуникативдүү тапшырмалар* – бул окуучунун баарлашуу билгичтиктерин өнүктүрүүчү каражаттар. Алар окутуу процессинде колдонулуучу жана окуудан тышкаркы убакта колдонулуучу болуп эки типке бөлүнөт. Окутуу процессинде колдонулуучу тапшырмалар

өтүлүүчү теманын мазмунуна ылайык даярдалып, окуучулардын бул учурдагы баарлашуусуна, коммуникацияны түзө билүүсүнө багытталган. Сабактан тышкаркы коммуникативдик тапшырмалар, булар долбоордук, проблемалуу жана изилдөөчү, бир чейректик убакытка чейинки мөөнөттө же окуу жылынын аралыгында аткарылуучу тапшырмалар.

*Презентацияны сабакта колдоно билүү* маанилүү жана пайдалуу цифралык билим ресурстарынын элементи, анткени мугалим окутулуп жаткан материалдын мазмунун гана ачып бербестен белгилүү логикалык ой жүгүртүүнү калыптандырат. Презентация жаңы материалды түшүндүрүүдө, өз алдынча иштөө процессинде окуу материалын бекемдөөдө, ошондой эле кайталоодо, билимдерди системалоодо, окулуп бүткөн материалдарды бышыктоодо колдонулат.

*Долбоордук тапшырмалар.* Окутуунун долбоордук формасы кандайдыр бир жаңы нерсе келип чыга турган окуу, таанып-билүү, практикалык ишмердүүлүккө окуучуларды катыштыруу максатын көздөйт (мисалы, терминал менен иштөөнүн технологиясын түзүү, одноклассникиде баарлашуунун механизмин, электрондук почта аркылуу баарлашуунун схемасын иштеп чыгуу ж.б.). Долбоор менен иштөөдө окуучулардын баарлашуу активдүүлүгү, изилдөөчүлүк иштери, аткарылган ишти анализдөө билгичтиктери өнүгөт.

*Текшерүүчү (тесттер, анкеталар, кроссворддор) каражаттар* - билимдердеги кемчиликтерди өз убагында четтетүүгө, билимдерди системага келтирүүгө, колдонулуп жаткан окутуу методдорунун эффективдүүлүгүн баалоого жардам берет.

***Уюштуруучулук шарттар.*** Бул шарттар окуучунун даярдыгына, баарлашууга муктаждыгына жана мугалимдин даярдыгына коюлуучу талаптарды камтыйт.

*Окуучунун мотивациясы жана муктаждыгы.* Окутуу процессин оптималдуу уюштуруу үчүн окуучунун окуу мотивациясын, баарлашууга муктаждыгын билүү жана эске алуу керек. Окутуунун жыйынтыгы жогору болсо, окуучунун мотивациясы дагы жогору болот.

*Мугалимдин даярдыгы.* Окуучунун социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүккө ээ болуусунун деңгээли мугалимдин чеберчилиги менен байланышкан. Мугалим окуу ишмердүүлүгүн максатка ылайыктуу, пландуу уюштура билип, аны кылдат жетекчиликке алган учурда гана бул процесс эффективдүү натыйжа бере алат.

Окутууда социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктү натый-жалуу калыптандыруу зарыл, ал үчүн окутуу процессин бирдиктүү методикалык системага келтирүү абзел. Изилдөөдө маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу социалдык коммуникативдүү компетенттүүлүктү калыптандыруунун методикалык системасы (2-сүрөт) иштелип чыкты. Аталган методикалык система үч этапты камтыйт.




***2 - сүрөт. Маалыматтык технологияларды колдонууда окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикалык системасы.***

Биринчи этапта окуу процессинде окутуунун максатын жана мазмунун аныктоого карата даярдык жүрдү. Алдыңкы мугалимдердин иш-тажрыйбаларын талдоонун натыйжасында окуучулардын социалдык-

коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун төмөнкүдөй дидактикалык максаттары аныкталды: окуу материалы менен тааныштыруу жана алгачкы ирет бекемдөө; окуу материалын актуалдаштыруу аркылуу окуучунун билгичтигин жана көндүмүн калыптандыруу; турмуштук практикада колдонуунун негизинде билимдерди жана билгичтиктерди системалаштыруу; билимдерди жана билгичтиктерди текшерүү жана баалоо.

Маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу социалдык коммуникативдүү компетенттүүлүктү калыптандыруу үчүн төмөндөгүдөй иш аракеттер белгиленди: информациялар тууралуу талкууларга активдүү катышуусу; информацияларды берүү үчүн ар түрдүү объектилерди тандай билүүсү; информациялар боюнча талкууларды уюштура алуусу; шарттуу (сүрөттөр, белгилер, көрсөткүчтөр, светофор ж.б.) белгилер менен берилген информацияларды талкуулоосу; информацияларды өлчөй билүүсү ж.б. Бул аракеттер аталган бөлүмдү окуп үйрөнүүнүн мазмунуна билгичтиктер жана көндүмдөр катары камтылышы зарыл.

Экинчи этапта окутуунун каражаттарын жана методдорун тандоо менен окутуу процесси ишке ашырылат. Окутуу каражаттары болуп: компьютердик (электрондук китептер, тренажерлор, лабораториялык практикумдар, тесттер) окутуучу программалар; интеллектуалдык окутуучу системалар; телекоммуникациялык (электрондук дарек, телеконференциялар) каражаттар; электрондук китепканалар эсептелет.

Окутуунун методдору коммуникацияга багытталган активдүү жана интерактивдүү ыкмаларды камтыйт. Социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктү калыптандырууда мугалим төмөнкүдөй ыкмаларды колдонот: проблемалык кырдаалды (суроо берет, эсептерди сунуштайт ж.б.) түзөт, түзүлгөн кырдаалды чечүү үчүн коллективдүү талкуу уюштурат, проблеманын чечилишин окуучулар менен бирдикте талкуулайт. Ишмердүүлүк методу окуучунун өзүнүн аракети аркылуу билимдерге, билгичтиктерге ээ болуусун шарттайт.

Үчүнчү этапта социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктүн калыптаныш деңгээлин аныктоодо баалоонун диагностикалык, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу түрлөрүн колдонуу белгиленген. Диагностикалык баа берүүдө окуучунун социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүнүн алгачкы абалы аныкталып, бул деңгээлди жогорулатууга мугалим тиешелүү иш чараларды көрөт. Анын негизинде окутуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүүгө мугалимдин мүмкүндүгү артат. Калыптандыруучу баалоодо окутуу процессинде окуучунун социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгү канчалык деңгээлде өсүп жаткандыгы көзөмөлгө алынып турат. Ал эми жыйынтыктоочу баалоо окуучунун социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүнүн калыптануу даражасын аныктоодо тиешелүү баа берүү үчүн колдонулат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандартындагы деңгээлдерге таянуу менен, диссертацияда социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктү калыптануунун үч деңгээли такталып жана аларды аныктоонун критерийлери белгиленди. Алар:

– репродуктивдүү деңгээл, бул берилген алгоритм, үлгү аркылуу окуучунун ишмердүүлүгүн мүнөздөйт. Бул деңгээлде окуучу маалыматтын, коммуникациянын, коммуникативдүү билим жана билгичтиктердин маңызын жана баалуулугун түшүнө албайт. Маалыматтык технологияларды пайдалануу менен коммуникативдүү аракеттерди аткаруусу мугалимдин көрсөтмөсүнүн негизинде гана ишке ашырылат. Андан тышкары, компьютердик технологиянын башка мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууга, компоненттерин колдонууга ынтызарлыгы жок, өзүнүн чыгармачылыгы, демилгелүүлүгү байкалбайт;

– продуктивдүү деңгээл, мында окуучу аракеттерди жөн гана инструкция боюнча аткарбастан, түрдүү жагдайда колдонууга жөндөмдүү, кайра жаңы маалыматтарды алууга мотиви, кызыгуусу, муктаждыгы бар, баарлашууга, маалыматтык технологиялардын (электрондук почта, телеконференция ж.б.) мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланууга жана анын негизинде продуктивдүү ишмердүүлүктү аткарууга жөндөмүү;

– креативдүү ишмердүүлүктүн деңгээли, бул деңгээлдеги окуучу чыгармачыл, дайыма изденүүнүн үстүндө болот. Демек, окуучу мурда калыптанган билгичтиктерин жана жөндөмдүүлүктөрүн жаңы, тааныш эмес жагдай-шартта чыгармачылык менен колдоно алат жана жаңы жыйынтыкка келет. Окуучунун креативдүү ишмердүүлүктүн келечегин көрө билүүсү бул деңгээлдин негизги мүнөздөмөсү болуп эсептелет.

Изилдөөнүн 3-главасы «**Окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун прикладдык маселелери**» деп аталып, мында бул компетенттүүлүктү калыптандыруунун деңгээлдери жана аларды баалоонун критерийлери аныкталып, эксперименттин жүрүшү жана жыйынтыгы берилген. Бул главада *изилдөөнүн төртүнчү милдетин* чечүүнүн жолдору каралган.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандартындагы деңгээлге коюлуучу талаптарды эске алуу менен социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктүн калыптануу (репродуктивдүү, продуктивдүү, креативдүү) деңгээлдери жана 7-класстын «Информатика» предметинин ар бир бөлүмү боюнча окуучунун окуу жетишкендиктерин баалоонун критерийлери аныкталды.

Изилдөөбүздө коюлган милдетке ылайык, иштелип чыккан методикалык системанын эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн педагогикалык эксперимент уюштурулду.

Экспериментти уюштуруунун алдында мектептердин маалыматтык технологиялар менен камсыз болуусу жана социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктү калыптандыруунун абалы иликтенди.

Бишкек шаарынын орто мектептеринин маалыматтык технология менен камсыз болушу айылдык мектептерге караганда жакшыраак экендиги белгилүү болду. Бишкек шаарындагы окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин ичинен А. Молдокулов атындагы №5 Улуттук компьютердик гимназияда, А. Осмонов атындагы №68 мектеп-гимназиясы, Т. Сатылганов атындагы №69 орто мектеби, №70 орто мектеби, Ж. Садыков атындагы №84 орто мектеби, №85 орто мектеби, №77 орто мектебинде салыштырмалуу түрдө маалыматтык технологиялар жакшы жабдылган.

Анкеталык сурамжылоодо мектеп мугалимдеринин социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүк жөнүндө түшүнүктөрү төмөн экендиги белгилүү болду. Мугалимдер билим берүү стандартында үч түйүндүү компетенттүүлүктү калыптандыруу зарыл экендигин билишет (85%), бирок бул түшүнүктүн мазмунун жана маңызын толук чечмелеп бере алышпайт: мугалимдердин көпчүлүгү (62%) муну окуучулар менен байланыш түзүү деп белгилешет, алардын 12% гана бул түшүнүктүн маанисин толук чечмелеп бере алышат.

Бул иликтөөнүн жыйынтыгын эске алуу менен 2013-2014-окуу жылынын төртүнчү чейрегинде ***изденүүчү эксперимент*** уюштурулду. Экспериментке Бишкек шаарынын №85 орто мектебинде 7-класстын окуучулары катышты. «Информатика» предметин окутууда биз тараптан иштелип чыккан методикалык система апробацияланды.

Чейректин аягында окуучулардын билими бааланып, алардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүнүн (репродуктивдүү, продуктивдүү жана креативдүү) деңгээли аныкталды. Окуучунун социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүн баалоодо төмөнкүдөй формалар колдонулду: окуучунун коммуникативдүү аракеттерин байкоо, практикалык иштерди баалоо, долбоордук иштерди презентациясы аркылуу баалоо, анкеталык сурамжылоо, окумуштуулар сунуштаган тесттерди колдонуу. Мына ушундай комплекстүү баалоонун негизинде биз төмөнкүдөй көрсөткүчкө ээ болдук (1-таблица):

**1-Таблица. – №85-мектептин окуучуларынын көрсөткүчтөрү**

| Мектеби, классы | Жалпы | Төмөнкү деңгээл “2” | | Репродуктивдүү деңгээл “3” | | Продуктивдүү деңгээл “4” | | Креативдүү деңгээл “5” | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| №85, 7-а кл | 36 | 2 | 5,6% | 6 | 16,7% | 17 | 47,2% | 11 | 30,5% |

Таблицадан көрүнүп тургандай, окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга арналган изденүүчү эксперимент жакшы натыйжа бере алды.

**Окутуучу эксперимент** 2014-2015 - окуу жылында шаардык жана айылдык мектептерди камтуу менен өткөрүлдү. Биздин изилдөөбүздө Бишкек шаарындагы Ж. Садыков атындагы №84 орто мектеби жана А. Молдокулов атындагы №5 Улуттук компьютердик гимназия, мындан тышкары, Манас районундагы Нылды айылынын Ө. Израилов атындагы орто мектеби, Токтогул районунун Өзгөрүш айылынын К. Чодошов атындагы орто мектеби тандалып алынды. Окутуучу эксперимент бизге изилдөөнүн негизги жоболорун жана иштелип чыккан методикалык системанын эффективдүүлүгүн текшерүүгө мүмкүндүк берди.

Эксперименталдык изилдөөбүздө мектептердин 7-класстарынын информатика предмети боюнча окуу пландары, окутуу программалары иликтенди. Эксперимент «Информатика» предметинин бардык бөлүмдөрүн окутуу процессинде жүргүзүлдү. Экспериментти уюштуруу үчүн окуучулардын деңгээлдери болжол менен бирдей болгон контролдук жана эксперименталдык класстар тандалып алынды. Эксперименталдык класста 119 окуучу, ал эми контролдук класста 120 окуучу катышты.

**2-таблица. − Экспериментке катышкан мектептердин жана окуучулардын саны**

| Окуу жылы | Ж. Садыков атындагы №84 орто мектеби | | №5 улуттук компьютердик гимназия | | Ө. Израилов атындагы орто мектеби | | К. Чодошов атындагы орто мектеби | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Эксп** | **Контр** | **Эксп** | **Контр** | **Эксп** | **Контр** | **Эксп** | **Контр** |
| 2014/2015 | 32 | 38 | 35 | 34 | 36 | 32 | 16 | 16 |

Экспериментке аталган мектептердин Информатика мугалимдери Исанова Гуланда, Шабыралиева Бегайым, Уметалиева Жумагүл, Калыбек кызы Айгерим ж.б.катышышты.

Окуу жылынын башында аталган экспериментке катышкан мугалимдер менен көрсөтмө берүүчү кеңешме өткөрүлдү, социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктүн маңызы жана аны окуучуларда калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү түшүндүрүлдү. Экспериментти жүргүзүүдө темалардын календарлык планы анализденди. Эксперимент башталар алдында окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүнүн баштапкы деңгээлин аныктоо максатында, контролдук жана эксперименталдык класстын окуучуларына социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктү аныктоочу тест колдонулду жана алдын-ала текшерүү төмөнкүдөй жыйынтыктарды (3-таблица) көрсөттү.

**3-таблица. – Окуу жылынын башталышындагы текшерүүнүн натыйжасы**

| Класс тар | Окуу-чулар-дын саны | Окуучулардын деңгээли | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Төмөн | | Репродуктив-дүү | | Продуктив-дүү | | Креатив-дүү | |
| | | сан | % | сан | % | сан | % | сан | % |
| Экспер. | **119** | 34 | 28,6 | 60 | 50,4 | 20 | 16,8 | 5 | 4,2 |
| Контр. | **120** | 37 | 30,8 | 61 | 50,8 | 18 | 15,0 | 4 | 3,4 |

Бул таблицанын негизинде гистограмма түзүлдү:




***3-сүрөт. Окуу жылынын башталышындагы текшерүүнүн натыйжасы***

Окуучулардын баштапкы деңгээли аныкталып такталгандан кийин, мугалимдер окуу программасы боюнча Информатика сабагын өтүүгө киришишти. Эксперименталдык класстын окуучуларына социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктүн негизги түшүнүктөрү боюнча түшүндүрмөлөрдү берүү менен окутуу процесси уюштурулду. Окутуу процессинде ар бир тема боюнча даярдалган, үч багыттагы коммуникативдүү тапшырмалар берилип турду. Эксперименталдык класстын мугалимдери окуучулардын диалогго катышуусуна, коммуникациялык актыларды түзүүсүнө, вербалдык жана вербалдык эмес баарлашуунун орун алышына байкоо жүргүзүп, бул процесстерде максаттуу иш алып барышты.

Контролдук класста окутуу традициялык тартипте уюштурулуп, атайын коммуникативдүү тапшырмалар берилбестен, мугалимдер окутуу процессинде социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктүн аспектилерин түшүндүрүүдө окуучуларга баарлашуу, коммуникация түзүү боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүшүп, окуу процессинде ушул иш аракеттердин окуучулар тарабынан аткарылышына байкоо жүргүзүп турушту.

2014/2015 - окуу жылындагы төрт чейректин жыйынтыктарын салыштырганда ар бир чейрек сайын класстын көрсөткүчү улам өсүп, окуучулардын коммуникативдүү билгичтиктери чейрек сайын жогорулап тургандыгын байкайбыз:

$$K_{Э1чейр} = \frac{0{,}16K_2 + 0{,}36K_3 + 0{,}64K_4 + K_5}{N} = \frac{0{,}16 \cdot 30 + 0{,}36 \cdot 48 + 0{,}64 \cdot 38 + 3}{119} = 0{,}42$$

$$K_{Э2чейр} = \frac{0{,}16K_2 + 0{,}36K_3 + 0{,}64K_4 + K_5}{N} = \frac{0{,}16 \cdot 20 + 0{,}36 \cdot 45 + 0{,}64 \cdot 45 + 9}{119} = 0{,}48$$

$$K_{Э3чейр} = \frac{0{,}16K_2 + 0{,}36K_3 + 0{,}64K_4 + K_5}{N} = \frac{0{,}16 \cdot 12 + 0{,}36 \cdot 46 + 0{,}64 \cdot 47 + 14}{119} = 0{,}53$$

$$K_{Э4чейр} = \frac{0{,}16K_2 + 0{,}36K_3 + 0{,}64K_4 + K_5}{N} = \frac{0{,}16 \cdot 6 + 0{,}36 \cdot 44 + 0{,}64 \cdot 52 + 17}{119} = 0{,}56$$

Окуу жылынын аягында окуучунун компетенттүүлүгү канчалык деңгээлде өсүшкө ээ болгондугун билүү максатында жыл башында берилген тест колдонулду.

**4-таблица. – Окуу жылынын аягында окуучулардын социалдык коммуникативдүүлүк компетенттүүлүктөрүнүн калыптанышын текшерүүнүн натыйжасы**

| **Класстар** | **Окуучу-лардын саны** | **Окуучулардын деңгээли** | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Төмөн | | Репродук-тивдүү | | Продуктив-дүү | | Кретивдүү | |
| | | сан | % | сан | % | сан | % | сан | % |
| Экспер. | **119** | 10 | 8,4 | 40 | 33,6 | 48 | 40,3 | 21 | 17,7 |
| Контр. | **120** | 22 | 18,3 | 50 | 41,7 | 40 | 33,3 | 8 | 6,7 |




***4-сүрөт. Окуу жылынын аягындагы текшерүүнүн натыйжасы***

Окуу жылынын башында жана аягында жүргүзүлгөн текшерүүлөрдөн биз төмөнкүдөй өсүштү байкайбыз:

$$K_{АЭ} = \frac{0{,}16K_2 + 0{,}36K_3 + 0{,}64K_4 + K_5}{N} = \frac{0{,}16 \cdot 34 + 0{,}36 \cdot 60 + 0{,}64 \cdot 20 + 5}{119} = 0{,}38$$

$$K_{ЖЭ} = \frac{0{,}16K_2 + 0{,}36K_3 + 0{,}64K_4 + K_5}{N} = \frac{0{,}16 \cdot 10 + 0{,}36 \cdot 40 + 0{,}64 \cdot 48 + 21}{119} = 0{,}57$$

Эксперименталдык изилдөөбүздүн эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн биз төмөнкүдөй ыкмаларды колдондук.

1. В.П. Симонов сунуштаган методика боюнча эсептөөлөрдү биз жогоруда жүргүздүк. 2014/2015 - окуу жылында жалпы эксперименталдык класстын көрсөткүчтөрү жогорулап тургандыгы белгиленди. Эгерде биринчи чейректе жалпы жалпы көрсөткүч $К_{Э\ 1\text{-чей}}$ = 0,42 болсо, экинчи чейректе $К_{Э\ 2\text{-чей}}$ = 0,48, $К_{Э\ 3\text{-чей}}$ = 0,53 жана $К_{Э\ 4\text{-чей}}$ = 0,56 болду. Ушундай өсүштү биз тестти сунуштаганда дагы байкадык. Эгерде жыл башында окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүнүн көрсөткүчү $К_{АЭ}$ = 0,38 болсо, жыл аягында бул көрсөткүч 0,57 га барабар болуп, окуучулардын бул жөндөмү жогорулаганын көрүүгө болот.

2. Эффективдүүлүк коэффициенти аркылуу текшерүү. 2014/2015-окуу жылынын башындагы эксперименталдык класстын көрсөткүчү: $К_{АЭ}$= 0,38 болсо ал эми жыл аягында $К_{ЖЭ}$= 0,57 көрсөттү. Эффективдүүлүк коэффициенти боюнча $K_{ЭФ.} = \frac{K_Э}{K_К}$, мында $К_Э$ – эксперименталдык класстын, $К_К$ – контролдук класстын көрсөткүчтөрү. Бул формулага ылайык, эксперименталдык класс менен контролдук класстын көрсөткүчтөрүнүн катышы бирден чоң (*К.эф.* > 1), демек булар биздин эксперименталдык изилдөөбүз эффективдүү экендигин ырастап турат.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий негиздерин аныктоого арналган биздин изилдөөбүздө төмөнкүдөй натыйжалар алынды.

**1.** Окуучунун социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселесинде, анын мектеп практикасында ишке ашышына түздөн-түз жол ачып берген өбөлгөлөр болуп төмөнкүлөр эсептелди: жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартындагы мектеп окуучуларынын даярдыктарына коюлган талаптар; дүйнөлүк ааламдашуу процессинин билим берүү системасына тийгизген таасирлери; республикабыздын билим берүү системасында орун алган көйгөйлөрдү жоюу зарылдыгы; коомду жана билим берүүнү маалыматташтыруунун адистин жөндөмдүүлүгүнө тийгизген таасири.

**2.** Социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүк бул, өз умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун таламдары менен айкалыштырууга даярдык, позициялардын ар түрдүүлүгүн таануунун жана башка адамдардын (диний, этностук, кесиптик, инсандык) баалуулуктарына урмат сый менен мамиле кылуунун негизинде өз көз карашын цивилизациялуу коргоп калуу. Дал ушул компетенттүүлүк окуучулардын өз ара мамилелерин билүүгө, топто иштөө көндүмдөрүн калыптандырууга, ар кандай социалдык ролдорду аткаруунун жолдорун үйрөнүүгө мүмкүндүк берет. Окуучунун социалдык-коммуникативдүү

компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселесинин актуалдуулугу коомду жана билим берүүнү маалыматташтыруу проблемаларын чечүү зарылдыгы, субъект-субъекттин баарлашуусу менен катар субъект-компьютер жана субъект-компьютер-субъект баарлашуусунун пайда болушу менен мүнөздөлөт.

**3.** Төмөнкүдөй педагогикалык шарттар түзүлгөндө маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу окуучунун социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүн калыптандыруу процесси кайтарымдуу ишке ашат: ресурстук (маалыматтык технологиялар, интернет ресурстары, Web-сайттар, аппараттык жана программалык каражаттар) шарттар; методикалык (коммуникативдүү тапшырмалар, сабактын презентациялары, долбоордук тапшырмалар, текшерүү каражаттары) шарттар; уюштуруучулук (окуучунун мотивациясы, окуучунун баарлашууга муктаждыгы, мугалимдин даярдыгы) шарттар. Изилдөөнүн натыйжасында маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу окуучунун социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүн калыптандыруунун методикалык системасы иштелип чыкты.

**4.** Иштелип чыккан методикалык системанын жана педагогикалык шарттардын эффективдүүлүгүн текшерүү үчүн педагогикалык эксперимент уюштурулду. Экспериментти уюштурууда педагогикалык шарттарды түзүү жана окуучуларга коммуникативдүү тапшырмаларды сунуштоо аркылуу социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу мүмкүн экендиги далилденди. Окуучунун социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүн калыптандыруунун эффективдүүлүгү текшерүүгө (эгерде жыл башында окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүнүн көрсөткүчү 0,38 болсо, жыл аягында бул көрсөткүч 0,57 ге жогорулады) алынып алардын репродуктивдүү, продуктивдүү жана креативдүү деңгээлдери аныкталды.

***Практикалык сунуштар:***

1. Окуучунун социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүн калыптандырууда адегенде окуучуларга жана мугалимдерге бул компетенттүүлүк жөнүндө, анын азыркы билим берүү системасындагы ролу тууралуу кеңири маалымат берүү.
2. Окутуу процессинде бул компетенттүүлүктү калыптандыруу үчүн системалуу иш аракеттерди (мазмунун иштеп чыгуу, тиешелүү каражаттарды жана методдорду колдонуу) аткаруу керек.
3. Окуучуда бул компетенттүүлүктүн калыптанышына мугалим дайыма көзөмөл кылып турушу керек.

**Диссертациянын негизги мазмуну изденүүчүнүн төмөнкүдөй эмгектеринде чагылдырылган:**

**1. Омурзакова, Ч.Ш.** Использование информационно-коммуникативных технологии на уроках информатики как средство формирования ключевых ком-

петентностей обучающихся. [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова // Вестник КНАУ им. К.И. Скрябина. – Бишкек, 2014. – №1. (30). – С. 360-362.

2. **Омурзакова, Ч.Ш.** Инновационные подходы в обучении. [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова // Реализация современных педагогических технологий в системе образования сборник материалов Международной научно-практической конференции / М-во образования и науки. – Архангельск, 2014. – С. 17-21.

3. **Омурзакова, Ч.Ш.** Окуу процессинде инновациялык технологияны колдонуунун кээ бир маселелери. [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова // Материалы третьей республиканской научной конференции, посвященной памяти профессора Р. Усубакунова. КГУ им. И. Арабаева. – Бишкек, 2014. – 251-254-бб.

4. **Омурзакова, Ч.Ш.** Психолого-педагогические условия подготовки специалиста к инновационной деятельности. [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова // Материалы II международной межвузовской научно-практической конференции «Инновационные технологии и передовые решения». МУИТ. – Бишкек, 2014. – №2. – С. 393-396.

5. **Омурзакова, Ч.Ш.** Компьютерные телекоммуникации – перспективная технологическая основа дистанционного образования [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова, М. Умарова // Материалы III международной межвузовской научно-практической конференции «Информационные технологии в Азии: Состояние, проблемы и перспективы ITPA-2014». – Бишкек, 2014. – С. 202-207.

6. **Омурзакова, Ч.Ш.** Повышение качества образования через IT. [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова // Социально-экономическое, социально политическое и социокультурное развитие регионов. Vedeckovydavatelskecentrum«Sociosfera-CZ». – Прага, 2014. – С. 130-135.

7. **Омурзакова, Ч.Ш.** Улучшение профессиональной компетентности в условиях информатизации. [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова // Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. – Москва, 2015. – С. 18-21.

8. **Омурзакова, Ч.Ш.** Оценка знаний с использованием тестовых технологий. [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова // Реализация современных педагогических технологий в системе образования. Сборник материалов Международной научно-практической конференции / М-во образования и науки. – Архангельск, 2015. – С. 217-221.

9. **Омурзакова, Ч.Ш.** Коммуникативная компетентность ученика. [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова // Высшее образование Кыргызстана. – Бишкек, 2015. – №1-2. – С. 41-43.

10. **Омурзакова, Ч.Ш**. Проектирование Web-сайта для природных зон Кыргызстана [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова // Сборник научных статей КНАУ им. К.И. Скрябина: материалы международной студенческой научно-практической конференции: «Состояние и проблемы экологического образования». – Бишкек, 2015. – С. 233-235.

11. **Омурзакова, Ч.Ш.** Компетентностный подход в педагогическом образовании с посредством информационных технологий. [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова // Материалы III международной межвузовской научно-практической конференции «Инновационные технологии и передовые решения. – Бишкек, 2015. – №3/2015(5). – С. 378-381.

12. **Омурзакова, Ч.Ш.** Окутуу процессинде информатика курсунун маанилүү өзгөчөлүгү. [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова // Вестник КГУ им. И. Арабаева – Бишкек, 2015. – №2. –36-39-бб.

13. **Омурзакова, Ч.Ш.** Компетентностный подход к формированию коммуникативной компетентности учащихся в условиях применения информационных технологий. [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова, С.К. Калдыбаев // Материалы VII международной межвузовской научно-практической конференции «Математическое моделирование и информационные технологии в образовании и науке», посв. 70-лет. проф. Е.Ы. Бидайбекова и 30 летию шк. информатики. КазНПУ им. Абая. – Алматы, 2015. – С. 622-625.

14. **Омурзакова, Ч.Ш.** Окуучулардын коммуникативдик компетенциясын маалыматтык технологиянын жардамы менен калыптандыруу зарылдыгы [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова // Вестник КНАУ им. К.И. Скрябина. – Бишкек, 2015. – №2 (34). – 96-99-бб.

15. **Омурзакова, Ч.Ш.** Информационные технологии в образовательном пространстве [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова // Сборник научных статей им. К.И. Скрябина: материалы международной научно-практической конференции. – Бишкек, 2015. – №4(36). – С.153-157.

16. **Омурзакова, Ч.Ш.** Билим берүүнү маалыматташтыруу жана окуучулардын коммуникативдүү билгичтиктери [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова, С.К. Калдыбаев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2015. – №6. – 145-148-бб.

17. **Омурзакова, Ч.Ш.** Окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда компьютердик технологиянын ролу [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова, С.К. Калдыбаев // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек, 2015. – №9. – 162-165-бб.

18. **Омурзакова, Ч.Ш.** «Коммуникативдүү компетенттүүлүк» түшүнүгү жана анын билим берүү системасындагы орду [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – Бишкек, 2015. – №4(36). – 54-60 - бб.

19. **Омурзакова, Ч.Ш.** Компетентность учащихся в области инфомационно-коммуникативных технологий [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова // Вестник КНАУ им. К.И. Скрябина. – Бишкек, 2016. – №2(38). – С. 97-100.

20. **Омурзакова, Ч.Ш.** Билим берүү системасындагы педагогикалык-кесиптик компетенттүүлүк [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова // Вестник КНАУ им. К.И. Скрябина. – Бишкек, 2016. – №2(38). – 101-104-бб.

21. **Омурзакова, Ч.Ш.** Уровни социально-коммуникативной компетентности учащихся [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова, С.К. Калдыбаев // Международный журнал экспериментального образования. – Москва, 2016. – №5. Часть 2. – С. 20-24.

22. **Омурзакова, Ч.Ш.** Информатика предметинде окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн активдештирүү. [Текст] / Ч.Ш. Омурзакова // Материалы научно-практической конференции «Проблемы и перспективы развития педагогического образования», посв.70-летию проф. Э.Т. Токсонбаевой. КГУ им. И. Арабаева. – Бишкек, 2016. – 185-189 – бб.

**Омурзакова Чолпон Шайлообековнанын «Маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу (7-класстын Информатика предметинин мисалында)» аттуу темадагы 13.0.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүнө**


## РЕЗЮМЕ

**Түйүндүү сөздөр:** компетенттүүлүк, социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүк, маалыматтык технологиялар, коммуникативдүү тапшырмалар, методикалык система.

**Изилдөөнүн максаты**: окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн маалыматтык технологиялар аркылуу калыптандыруунун илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн объектиси:** окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу процесси.

**Изилдөөнүн предмети**: маалыматтык технологиялар аркылуу окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу.

**Изилдөөнүн методдору:** илимий эмгектерди теориялык жактан талдоо; жалпылоо, моделдештирүү, сурамжылоо, анкета алуу, аңгемелешүү жүргүзүү, тест алуу; педагогикалык экспериментти уюштуруу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктүн объективдүүлүк, кырдаалдык, гумандуулук принциптери толуктуулук жана ишмердүүлүк принциптери менен толукталды; социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүктүн билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк, тарбиялоочулук, мотивациялык, рефлексиялык жана көзөмөлдөөчүлүк функциялары негизделди; негизги мектептин окуучуларынын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык (ресурстук, методикалык, субъективдүү) шарттары аныкталды; окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүн ийгиликтүү калыптандыруунун жолдорун көрсөтө турган методикалык система иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** изилдөөдө окуучулардын социалдык-коммуникативдүү компетенттүүлүгүн калыптандырууда мектеп мугалимдерине практикалык жардам көрсөтө ала турган методика иштелип чыкты. Информатика предметинин негизги бөлүмдөрү боюнча иштелип чыккан баалоонун критерийлери, түзүлгөн коммуникативдүү тапшырмалар жана аларды аткаруунун жолдору мугалимдерге методикалык жардам көрсөтө алат.

# РЕЗЮМЕ

**на диссертационное исследование Омурзаковой Чолпон Шайлообековны на тему: «Формирование социально-коммуникативной компетентности учащихся с применением информационных технологий (на примере предмета Информатика 7 класс)» представленного на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01 – общая педагогика, история педагогики и образования**

**Ключевые слова**: компетентность, социально-коммуникативная компетентность, информационные технологии, коммуникативные задания, методическая система.

**Цель исследования:** разработка научно-методической основы формирования социально-коммуникативной компетентности учащихся с помощью информационных технологий.

**Объект исследования**: процесс формирование социально-коммуникативной компетентности учащихся.

**Предмет исследования**: формирование социально-коммуникативной компетентности учащихся с применением информационных технологий.

**Методы исследования**: теоретический анализ научной литературы; обобщение, моделирование, опрос, анкетирование, беседа, тестирование; организация педагогического эксперимента.

**Научная новизна исследования**: принципы объективности, ситуативности, гуманности социально-коммуникативной компетентности дополнены принципами полноты и деятельностности; обоснованы образовательная, развивающая, воспитательная, мотивационная, рефлексивная и контролирующая функции социально-коммуникативной компетентности; определены педагогические условия (ресурсные, методические, субъективные) успешного формирования социально-коммуникативной компетентности учащихся основной школы; разработана методическая система формирования социально-коммуникативной компетентности учащихся.

**Практическая значимость исследования**. В исследовании разработана методика формирования социально-коммуникативной компетентности учащихся, которая может оказать практическую помощь учителям школ. Разработанные критерии оценивания по основным разделам предмета информатики, коммуникативные задания и рекомендации по их выполнению могут оказать им методическую помощь.

## RESUME

**on the dissertation paper of Omurzakova Cholpon Shailoobekovna on the theme: "Formation of social and communicative competence of pupils with the help of information technology (on the basis of subject: Informatics Grade 7)" submitted for the degree of candidate of pedagogical sciences, specialty 13.00.01 - general pedagogy, history of pedagogy and education**

**Keywords**: competence, social and communicative competence, information technology, communication tasks, methodical system.

**Research goal**: development of scientifically-methodical basis of forming of socially-communicative competence students by means of information technologies.

**Object of research**: a process forming of socially-communicative competence of students.

**Subject of research**: formation of social and communicative competence of students in the teaching of computer science subject.

**Research methods:** theoretical analysis of the scientific literature related to the research topic; a survey to determine the status of the quality of technical direction, questioning, the conversation;pedagogical experiment organization.

**The scientific novelty of the research**: principles of objectivity, situational, humanity and social-communicative competence complemented by the principles of completeness and activity; substantiated educational, developing, educational, motivational, reflexive and controlling functions of social and communicative competence; definition of pedagogical conditions (resource, teaching, subjective) the successful formation of social and communicative competence of basis school pupils; The methodical system of formation of social and communicative competence of students.

**The practical significance of the study**. Method of formation of social and communicative competence of the students, who could provide practical assistance to teachers of schools are developed in the study. The developed evaluation criteria for the main sections of Informatics subject, communicative tasks and recommendations for their implementation can provide them with methodological assistance.

Редакциялаган Карамолдоева С.К.

Басууга 25.04.2017-ж. кол коюлду.
Форматы 60х84 1/16. Офсет кагазы
Көлөмү 1.75 б.т., Нускасы 100 экз.

КББАнын «Билим» басма борбору
Бишкек ш., Эркиндик бул. 25